## *КР жалпы билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата базистик окуу планына Түшүндүрмө кат.*

2021-2022-окуу жылдын Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан тастыкталган билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн аныктайт.

1-баскычтагы Базистик окуу планы(1-4кл) төрт жылдык ченемдик мөөнөтүнө негизделген.

2-баскычтагы Базистик окуу планы(5-9кл) беш жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

3-баскычтагы Базистик окуу планы (10-11-кл) эки жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсеплелген.

Предметтер «Кыргыз тили» окуу предметтери эне тили катары 1-класстан 11-класска чейин окутулат.

«Чет тили» 3-11-класстарда ишке ашырылат.

«Мекен таануу» предмети 1-4-класстарда «ТТКН» жана «Адеп» предметтери менен интеграцияланып окутулат.

«Тарых» предмети 5-11-класстарда окуу программасына ылайык Дүйнөлүк тарых жана Кыргызстан тарыхы курстары кезектешип бирдиктүү предмет катары окутулат.5-6-класстарда Тарых предмети боюнча сабактар предметтик стандартка,7-11-класстарда колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык жумасына 2 саат окутулат.

7-9-класстарда «Физика» предметин окутууга жумасына2 саат,10-класста 3 саат бөлүнгөн.11-класста «Физика жана Астрономия» жумасына 3 сааттан интеграцияланган курс катары окутулат.

«Математика»1-класста жумасына төрт саат,2-3-класстарда 5 саат,4-класста 6 саат.ал эми калган класстарда 4 сааттан окутулат.

7-11-класстарда «алгебра» жана «геометрия» предметтери өз алдынча предмет катары окутулат.

«Кыргыз адабияты», «Орус адабияты» 5-11-класстарда мурдатан бекитилген предметтик стандарттар, окуу программалары жана окуу-методикалык комплекстери боюнча окутулат.

«Технология» предмети 5,6,8,9-класстарда окутуу мурунку жылдардагы окуу программасы боюнча ишке ашырылат. Ал эми 7-класста 1-жарым жылдыкта жумасына бир сааттан окулат.

«Көркөм өнөр» предметтери 1-6-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга ылайык окутулат.Ал эми 2-жарым жылдыкта жумасына бир сааттан окутулат.

7-класста «Көркөм өнөр» сабагынын бир сааты «биология» сабагына өткөрүлдү, синхрондошуу жургузүлдү.